КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
НАУКИ, ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ
И ИННОВАЦИЙ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

20__ "___" _____________№____. **БУЙРУК ПРИКАЗ** Бишкек ш.

**Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин 2026-жылдын 2-июлундагы № 424, 3-июлунданы № 430 «2026–2027-окуу жылына абитуриенттерди тандоо турларын өткөрүүнүн жана кабыл алуунун графигин бекитүү жөнүндө» буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу**

«Абитуриент онлайн» автоматташтырылган маалыматтык системасынын ишинде мамлекеттик «Кызмат» мекемесинин сервердик жабдууларын электр энергиясы менен камсыздоонун бузулушунан келип чыккан техникалык мүчүлүштүктүн натыйжасында 2026-жылдын 14-июлунда саат 15:00дөн тартып Кыргыз Республикасынын жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдарына абитуриенттерди кабыл алуу системасынын үзгүлтүксүз иштөөсү бузулгандыгына байланыштуу, ошондой эле кабыл алуу өнөктүгүнө абитуриенттердин бирдей шарттарда катышуусун камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы № 355 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарына кабыл алуунун тартибинин $53^1$-пунктун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 10-апрелиндеги № 240 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү уюмдарына кабыл алуунун тартибинин 7-пунктун жетекчиликке алып, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин 2026-жылдын 2-июлундагы № 424, 3-июлундагы № 430 «2026–2027-окуу жылына абитуриенттерди тандоо турларын өткөрүүнүн жана кабыл алуунун графигин бекитүү жөнүндө» буйругуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

1) Кыргыз Республикасынын жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдарына абитуриенттерди тандоонун жана кабыл алуунун **биринчи турун** аяктоо мөөнөтү 2026-жылдын 15-июлундагы **саат 21:00гө чейин** узартылсын;

2) ЖОЖ тарабынан окууга сунушталган абитуриенттердин тизмелерин жайгаштыруу мөөнөтү 2026-жылдын 16-июлундагы саат **14:00гө** чейин узартылсын.

2. Жогорку, орто кесиптик жана жогорку окуу жайдан кийинки билим берүү башкармалыгы (А.Т. Исираилова) ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдарына маалымдасын.

3. «Түндүк» ачык акционердик коомуна «Абитуриент онлайн» автоматташтырылган маалыматтык системасына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү камсыз кылуу сунушталсын.

4. Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин 2026-жылдын 15-июлундагы № 478 буйругу күчүн жоготту деп таанылсын.

5. Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**О внесении изменений в приказ Министерства науки, высшего образования и инноваций Кыргызской Республики от 2 июля 2026 года № 424, от 3 июля № 430 «Об утверждении графика проведения туров отбора и зачисления абитуриентов на 2026–2027 учебный год»**

В связи с техническим сбоем в работе автоматизированной информационной системы «Абитуриент онлайн», вызванным нарушением электроснабжения серверного оборудования государственного учреждения «Кызмат», вследствие чего с 15 часов 00 минут 14 июля 2026 года была нарушена бесперебойная работа системы приема абитуриентов в образовательные организации высшего и среднего профессионального образования Кыргызской Республики, а также в целях обеспечения равных условий участия абитуриентов в приемной кампании, руководствуясь пунктом $53^1$ Порядка приема в образовательные организации высшего профессионального образования Кыргызской Республики, утвержденным постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 30 июня 2022 года № 355, пунктом 7 Порядка приема в образовательные организации среднего профессионального образования, утвержденным постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики № 240 от 10 апреля 2026 г. **приказываю:**

1. Внести в приказ Министерства науки, высшего образования и инноваций Кыргызской Республики от 2 июля 2026 года № 424, от 3 июля № 430 «Об утверждении графика проведения туров отбора и зачисления абитуриентов на 2026–2027 учебный год» следующие изменения:

1) продлить срок завершения **первого тура отбора** и зачисления абитуриентов в образовательные организации высшего и среднего профессионального образования Кыргызской Республики **до 21 часов 00 минут 15 июля 2026 года**;

2) продлить срок размещения списков абитуриентов, рекомендованных к зачислению вузом **до 14.00** 16 июля 2026 года.

2. Управлению высшего, среднего профессионального и послевузовского образования (А.Т. Исираилова) довести настоящий приказ до сведения образовательных организаций высшего и среднего профессионального образования Кыргызской Республики.

3. Рекомендовать открытому акционерному обществу «Түндүк» обеспечить внесение соответствующих изменений в автоматизированную информационную систему «Абитуриент онлайн».

4. Признать утратившим силу приказ Министерства науки, высшего образования и инноваций Кыргызской Республики № 478 от 15 июля 2026 года.

5. Контроль за исполнением настоящего приказа оставляю за собой.

**Министрдин орун басары** **Д.И.Козуев**



ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кол койгон: Козуев Д.И.